## 3-секция. Педагогика жана психология

**УДК 37.012.5.**
**ББК 74.264.5**
**К 21**

***Карабекова Ч.К., Болотова А.С.*** *– улук окутуучу*

### *Инсанга багыттап окутуудагы окуп – үйрөнүү ишмердүүлүгү.*

Замандын талабына ылайык жыл өткөн сайын утур жаңы муун менен кезигишип жаткан учурда окутуунун жаңы методдорун пайдалануу негиздүү. Мурунку салттуу сабака караганда учурда жаңы методдор көбүрөөк айкалышууда, бул да болсо жаңы муундун талабы деп айтса болот. Салттуу сабак бир тараптуу мугалимдин гана иш аракети көрүнүп окуучулардын иш аракети көмүскөдө калып жаткандыктан. Учурдун талабы болгон ITLMди пайдалануудабыз. Учурда Кыргызстанга да окутуунун жаңы инновациялык технологиялары жана Батыштан (АКШдан) акырындык менен келе баштады да, учурда алар иш процессинде активдүү колдонулуп жатат. ITLM – окутуунун жаңы технологиясы. Бул эмне деген түшүнүк? Англис тилинин которгондо I - (interactive) интерактивдүү, T - (teaching) окутуу, L - (learning) үйрөтүү, M - (methods) методдор. Ал эми мындай түшүнүктөрдү сүйлөмгө реконструкцияласак, "окутуунун интерактивдүү методдору" деген түшүнүк келип чыгат. Интерактивдүү методдор бул – окуучулар ортосунда, ошондой эле окуучулар менен мугалимдер ортосунда өз ара аракеттешүүнү талап кылган методдор. «Интерактив» англис тилинен «interact» деген сөзүнөн алынган. «Inter» бул «өз ара», «act» - «аракеттенүү». Сабак берүүнүн интерактивдүү методдору билим алуучунун зор активдүүлүгүн, анын алынган маалыматтарды өзүнүн ой элегинен кайра чыгармачыл түрдө өткөрүп чыгуусун эске алат. Окутуунун интерактивдүү моделинин негизги критерийлери: формалдуу эмес талкуунун мүмкүндүгү, материалды эркин баяндоо, семинарлардын көптүгү, лекциялардын аздыгы, окуучунун демилгеси, коллективдүү аракеттерди талап кылган топтук тапшырмалардын болушу, жазуу жүзүндөгү иштерди аткаруу ж.б. Интерактивдүү окутууда окутуунун активдүү формасы кабылданат, себеби активдүү кабыл алышат.

Жалпы билим берүүнүн негизги максаты интеллектулдык жана дене – күч жагынан өнүккөн, дүйнөгө карата илимий көз караштардын негизине ээ болгон, коомдук турмушка активдүү катышкан, жашоодогу өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашууга жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп эсептелет. Учурда окуучуларга билим тарбия берүү менен гана чектелбестен, аны турмушка даярдоо, компетенттүүлүктү калыптандыруу милдети коюлууда. Коомдун өнүгүшүндө адамдын рухий сапаттары, маданияты ар дайым жогору бааланып келген. Ушуга байланыштуу, билимдүү, маданияттуу, акыл – эстүү гана эмес, эл-жеринин тагдыры үчүн жоопкер, ыймандуу, адептүү адамды тарбиялоо көңүл борборунда болуу керек.

Инсанга багытталган билим берүүдө мугалим класстагы окуучулардын өсүп өнүгүүсүн эске алуу менен, алардын өз деңгээлдерине жараша тапшырма берип багыттайт, жардам берет, иш аракеттин жыйынтыгын презентациялоого көмөк берет. Класста жагымдуу чөйрө түзүүдө, анын ичинде мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын четте калбай, башка балдар менен тыгыз мамиледе болуп, өзүн алар менен тең сезүүсүнө шарт түзүүдө мугалимдин ролу чоң. Ар бир сабакта окуутуну инсанга багыттап уюштуруу ар бир окуучунун жоопкерчилигин арттырып, бири – бирине чыдамдуулук менен мамиле

кылуусун, окуп – үйрөнүү ишмердүүлүгүндө өз алдынчалык көндүмдөрүнүн калыптануусун камсыз кылат.

Окуучулар сабакта, үй тапшырмасын аткарууда бири – бирине жардам беришет. Инсанга багытталган окутууда таанып – билүү иш аракеттерин аткарууда ар бир окуучуга жоопкерчилик жүктөлүү менен окутуу чөйрөсүндө материал жакшы өздөштүрүлөт. Бул учурда мугалим окуучуларга колдоо көрсөтүп, окутуу процессин багыттайт. О.э. окуучулар жашоодогу кырдаалдар боюнча пикир алышат, иш – аракеттерге тартылат, ошондуктан алардын түшүнүгү, сынчыл ой жүгүртүүсү өнүгөт.

И.С.Якиманскийдин аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу «окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы карманы катары таануу» дегенди билдирет. Окуучу окуу процессинде мугалимдин тең укуктуу өнөктөшү деп таанылат. Мында мугалим милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган матриалды окуп үйрөнүүгө окуучуну мажбурлабай, анын өзүнчө өсүп жетилиши үчүн эң мыкты (алгылыктуу, оптималдуу) шарт түзөт. Муну педоцентризм менен түшүндүрүүгө болот. Педоцентризм билим берүүнүн маңызынын борборуна баланын жекече калдоолорун, кызыкчылыгын жана талаптарын койгон педагогикадагы багыт. Педоцентризмдин идеясын Джон-Дьюи ишке ашырган. Россияда педагогикалык басылмаларда бул багыт «жеке инсанга багытталган окутуу» деп аталган.

Топто жупташып чогуу иштөө, талкулоо, жыйынтык чыгаруу, өз табылгалары менен бөлүшүү аркылуу кызматташуу, жалпы пикирге келишүү, пикирлештерди табуу, башкача ойду сыйлоо ж.б. сыяктуу социалдык көндүмдөргө ээ болушат. Мугалим болсо окуучуларга колдоо көрсөтүп, окутуу процессине багыт берип турат, иш – аракеттеринин жыйынтыгын көрсөтүүгө көмөк кылат.

*Окуп – үйрөнүүнүн принциптери*

Негизги дидактикалык прнциптерден тышкары окуп – үйрөнүүнүн төмөндөгүдөй үч принцибин колдонууга болот.

- жаңы билимдин буга чейинки алынган билимдердин негизинде өздөштүрүлүшү
- окуп – үйрөнүлүүчү матриалдын колдонууга керектүүлүгүн жана зарылдыгын окуучулардын түшүнүүсү
- көйгөйлөрдү чечүүдө көп түрдүү идеялардын, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн колдонулушу

Интерактивдүү методдорду колдонуу менен бирге эле салттуу методдорду да колдонуу нормалдуу көрүнүш себеби интерактивдүү гана методдорду пайдаланып салттуу методду жокко чыгарабыз деген түшүнүк - бул өзү сокур түшүнүк. Окутуу технологиясынын эки гана модели бар (интерактивдүү жана салттуу) деп кесе айтуу да акылга сыйбаган иш. Окуучулар менен студенттердин активдүүлүгүн арттырууну камсыз кылган шарттарды метод, ыкмаларды, формаларды ондоп, жүздөп саноого болоор эле, алардын моделдештирилген системалаштырылган технологиялары өлкөдө кеңири жайылтылып, ар кандай семинарларда, тренингдерде талкууланып келе жатат. Анда салттуу деп аталган метод тууралуу азынолак кеп кылалы.

Окутуунун уюштуруунун формасы боюнча.


- стандарттуу
- стандартуту эмес деп бөлүнөт да

Стандарттуу сабак ченемдик документтреге шайкеш келип, максаты, милдети, өтүү ирети, алдын ала аныкталган окуу формасы.

Стандарттуу сабак төмөндөгүдөй бөлүнөт.

- аралаш;

- жаңы билимди өздөштүрүү;
- алынган билимди бышыктоо;
- билгичтиктерди көндүмдөрдү калыптандыруу;
- алынган билимди толуктоо жалпылоо;
- алынган билимди, билгичтиетерди жана көндүмдөрдү текшерүү жана баалоо;





Стандарттык эмес сабакты уюштурууда максаты, өтүү ирети, алардын байланыштары, милдеттери ар бир педагогдун чыгармачыл изденүүсүнө жараша аныкталат. Мындай сабак адатта кайсы бир деңгээлде өтүлгөн материалдарды жалпылоо үчүн, белгилүү бир тутумду иштеп чыгуу үчүн өтүлөт. Ошондуктан стандарттык жана стандарттык эмес сабактарды бири – бири менен айкалыштырып, окуу мазмунунун татаалдыгына ылайыктап өтүү зарыл.

Сабактын стандарттык эмес түрү окутуу процессин натыйжалуу уюштуруу максатында колдонулуп, катары өзгөрмөлүү жана кайталангыс түзүлүшкө ээ. Азыркы учурда педагогикалык атайын адабияттарда стандарттык эмес сабактардын жүздөгөн түрлөрү көрсөтүлгөн. Айрымдарына мисал келтирели.

- оюн түрүндө;
- мелдеш түрүндө;
- конкурс;
- диспут;
- конференция;
- экскурсия;
- жомок;
- ролдоштуруу;

Стандарту эмес сабак окуу процессинде көптөгөн жаңылыктарды жана күтүлбөстүктөрдү алып келип, окуучулардын жалпы кызыгуусун арттырат.
Коомдун өзгөрүшү менен окутуунун формалары да өзгөрө берет. Ошондуктан биз буларды активдүү, пассивдүү жана интерактивдүү усулдарга ажыратабыз. Учурда маанилүүсү интерактивдүү усул болууда себеби XXI кылым техниканын кылымы өкүм сүрүп жаткандыктан биз муну кааласак да каалабасак да жаңы муунду окутуп тарбиялообуз шарт.




Акыркы мезгилде окуп үйрөнүү максаттарын коюда SMART ыкмасын да пайдаланып жүрөбүз. Бул эмне деген сөз? алгач терминди чечмелеп ала турган болсок (анг. Specific – конкреттүү; Measurable – өлчөнүүчү; Achievable – жетишилүүчү; Result-oriented – натыйжага багытталган, жана Timed – анык мөөнөткө ылайык) SMART - *критреийлердин*: конкреттүү, өлчөнүүчү, жетишилүүчү, натыйжага багытталган, жана анык мөөнөткө ылайык келүүчү деген талаптардын топтому болуп саналат. Муну биз окуп – үйрөнүү ишмердүүлүгүндөгү максат коюнун конкреттүү талабы катары да алсак болот.

Окутууда түрдүү усулдарды пайдалануу менен окуучулардын аң сезимине кабылдоочу маалыматтарды беребиз.

Окутуунун усулу – бул коюлган максатка ылайык натыйжага жетүүнү камсыз кылуучу белгилүү ырааттуулукта аткарыла турган иш-аракеттердин системасы. Окутуунун ийгиликтүүлүгү тандалып алынган усулдарга көз каранды.
Ошондуктан окутуунун жогоруда айтылып кеткендей активдүү жана пассивдүү усулдарын пайдаланып келебиз.

Окутуунун пассивдүү усулунда мугалим, китеп, аудиоматриалдар жалгыз маалымат булагы катары окуучулардын көңүлүн бир гана нерсеге буруп, иш-аракеттер бир эле

багытта болот. Мында окуучулар укканын, окуганын, көргөнүн гана айтып берип, талдоо, жыйнтык чыгаруу, салыштыруу, жалпылоо, өз көз карашын билдирүү сыяктуу ой жүгүртүүгө багытталган аракеттер жасалбайт. Демек, окуп – үйрөнүлүп жаткан нерсеге инсан катары жеке мамилеси калыптанбайт.

Окутуунун активдүү усулдунда да маалымат берүү жана анын салттуу ыкмалары каралган, бирок окуучулар изденүүчүлүккө, коюлган суроого жооп берип, өз оюн каршы пикирин негиздеп айтууга, толуктоого пайда болгон суроолорун талкууга сунуштоого мүмкүнчүлүк алат. Окуучулардын активдүүлүгүнүн себеби, анда ойлонууга, талаш – тартышка, ой – жүгүртүүгө, пикир алышууга ж.б. инсандар аралык аракеттерди кылууга шарт түзүлөт да, жеке бир тараптуу сөздөн баарлашууга өтөт.

Окутуунун интерактивдүү усулунда мугалимдин ролу өзгөрөт, б.а. ал башка маалымат булагы эмес, уюштуруучу, кеңеш берүүчү, багыттоочу жардамчы болот. Эң негизгиси мугалим менен окуучунун, окучу менен окуучунун, окучу менен мугалимдин өз ара аракети, кызматташуусу калыптанып, окуучулар өз билимин гана жогорулатып, окуу материалын жеткиликтүү өздөштүрбөстөн, башкалар менен баарлашуу, мамиле куру социалдык көндүмдөргө ээ болот. Окуучуда алдыга койгон максатты ишке ашыруу үчүн ички умтулуу жаралат, талкуу – талдоо учурларында өз жетишкендиктерин жана кемчилдиктерин аныктап, аларды баалай алат.

Учурда окутуунун активдүү, пассивдүү, интерактивдүү усулдарын айкалыштыра билген чыгаан педагогдор гана жаңы муундун талабындагыдай билимди бере алат.

***Адабияттар***

1. «Окуп үйрөнүүдө күтүлүүчү натыйжалар» USAID долбоорунун колдоосу менен чыгарылган журнал Бишкек 2011
2. Орто мектептин мугалимдери үчүн интерактивдүү окутуу методу боюнча колдонмо. «Биргелешип окутуу жана баалоо технологиясы» Бишкек 2007.

«Интернет» булактары НМУ ф.и.д. А.Турдугулов. «Окутуунунжаңы технологиясы катары Интерактивдүү методдун теориялык негизи» илимий эмгек.